
## Байтемир Асаналиев

# Айбанаттар паркында



БАЙТЕМИР АСАНАЛИЕВ

# Айбанаттар паркында

*Ырлар, табышмактар, котормолор*



«Бийиктик» – 2004

ББК 83.8
А–90

**Асаналиев Байтемир.**
А–90 Айбанаттар паркында: Ырлар, табышмактар, котормолор. Бөбөктөр жана мектеп жашындагы кенже балдар үчүн. Сүрөтчүсү З.Мидинова — Б.: «Бийиктик», 2004. 88 б.

ISBN 9967-13-051-2

Китепке кирген ырлардын тематикасы ар кыл. Балдардын кулк-мүнөздөрүн, оюндарын жана жаратылыш кубулуштарын чагылдырган ырларды окуй аласыңар. «Айбанаттар паркында» деген бөлүмдөн түрдүү жаныбарлар менен таанышасыңар. Ошондой эле, чет элдик акындардын балдарга арнаган ырларынын котормолору да силерди кайдигер калтырбайт деген ойдобуз.

А 4803300500–04
ISBN 9967–13–051–2

ББК 83.8
© Б. Асаналиев, 2004.

*Балдар акыны Байтемир Асаналиев туш-тарабы асман мелжиген бийик тоолор менен курчалган Четнура деген жерде 1940-жылы төрөлгөн. Ал жер Нарын облусундагы Нарын районунун аймагында. Айылдын чыгыш тарабында Байтемир бала чагында шар аккан тунук суусуна сансыз жолу чөмүлүп, кайырмак салып, балык кармап чоңойгон Четнура суусу күрпүлдөп агып жатса, түштүгүндө атактуу Нарын дарыясы мелмилдейт. Демек, анын туулган жери тоо, токойго, мөңгүдөн башат алган мөл булактарга бай кооз өрөөн экендигин баамдоого болот.*

*Болочок акын алгач айылдык мектептен, андан соң Нарын шаарындагы №1 Токтогул атындагы орто мектептен окуган.*

*1958-жылы Кыргыз Мамлекеттик Университетинин филология факультетине өтүп, аны 1963-жылы бүтүргөн. Адегенде эки жылдай мектепте мугалим, кийин чейрек кылымга жакын борбордогу китеп басмасында, «Кыргызфильм» киностудиясынын котормо кино бөлүмүндө ж.б. мекемелерде кызмат өтөгөн. Он жылдан ашуун убактан бери бөбөктөрдүн сүйүктүү журналы «Байчечекейде» жооптуу катчылык милдетти аркалап келүүдө.*

*Б.Асаналиевдин талант-шыгынын ойгонушуна туулган жердин ажайып кооздугу, сөзмөр адамдардан уккан кызыктуу жомоктор, өзү окуган ар кандай чыгармалар таасир эткен. Адеп колуна калем кармаганда, райондук, облустук жана республикалык гезиттерге макалалары жарыяланса, студент кезинде бирин-экин ырлары жарык көргөн.*

*«Жаз боёгу» аттуу туңгуч китеби балдарга ар налып, 1967-жылы «Мектеп» басмасынан чыккан Акындын «Булак күүсү» (1970), «Табышмактар (1996), «Балдар неге күлүштү» (1998) ж.б. китепте ри да балдардын китеп текчелеринен өз ордун ээле ген. Анын ырларынын тематикасы ар түрдүү келип негизинен бөбөктөр менен мектеп жашындагы кен же балдарга арналган.*

*Ал котормочу катары да белгилүү. Орус жазуучу су И.Тургеневдин, орус совет акындары К.Чуковский дин, А.Бартонун, И.Мазниндин, казак акыны С.Кали евдин, бурят акыны Цыден-Жап Жимбиевдин, грузи акыны Чичинадзе Гивинин ж.б. көптөгөн чет элди калемгерлердин түрдүү жанрдагы чыгармаларын кыргыз тилине которуп, жаш жеткинчектерге тар туулаган.*

*Байтемир Асаналиев СССР басма сөз отличниги Кыргыз Республикасынын эл агартуу отличниги. Аг балдар адабиятына кошкон салымы үчүн Кыргыз стан Жазуучулар союзунун Тоголок Молдо атында гы адабий сыйлыгы ыйгарылган. Кыргыз Республи касынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер.*



# Бакчабызды сүйөбүз

## ТОО КОЙНУНДА ЭМНЕ БАР?

Толгон байлык кени бар.
Токою бар, чери бар.

Мал жайылган төрлөр бар.
Каз-өрдөктүү көлдөр бар.

Атыр жыттуу гүлү бар,
Алардын миң-сан түрү бар.

Сайраган түркүн кушу бар,
Көтөрөт көңүл ушулар.

Асманын көрктөп жылдыздар,
Ал жерде жашайт кыргыздар!

## АЛАТООЛУК БАЛДАРБЫЗ

Алатоонун балдарыбыз,
Ажайып кооз аймагыбыз!
Алоолонуп кызгылт кечтер,
Аппак атат таңдарыбыз.

Ысыккөлгө чөмүлөбүз,
Ысык кумга көмүлөбүз.
Күнгө күйүп,
суунu сүйүп,
Күзгү кылып көрүнөбүз.

Булгап суусун, атып кушун,
Учурбайлы жердин кутун!
Баатыр Манас урпагыбыз,
Бастырбайбыз жаттын бутун!


Алатоонун балдарыбыз,
Ата-эненин ардагыбыз.
Күнөстүү тоо коюнунда
Күлүп, ырдап жайдарыбыз!

## АЗЫРЫНЧА КИЧИНЕМИН

Азырынча кичинемин,
Аны өзүм да түшүнөм.
Апакемди өбөм дайым,
Ал келгенде ишинен.
Апам мени эркелетет:
«Аяй кызым, кичинем».

## СУЛТАНДЫН СҮРӨТҮ

Чымчыктарды тартыптыр,
Конгон кышкы даракка.
Мен Султандан сурадым:
— А каргалар каякта?
Жооп берди ал дароо:
— Батпай калды баракка.



## БИЗДИН КҮЧҮК

Тынбай үргөн «авалап»,
Биздин күчүк кабаанак.

Ал коркутса ырылдап,
Аман качат чымылдап.

Турса дагы байланып,
Балдар өтөт айланып.


Чоңоюп дөбөт болгондо,
Короочу чыгат болжолдо.

## К Ө Р С Ө...

Төө айкырык салыптыр,
Көлдөп жашы агыптыр.

Көрсө уктап жатканда
Көзүн көгөн чагыптыр...

## КЫЗЫК...



Бети-башын жышып,
Жууп кирди мышык.
Эртең менен жуубай,
Кеч жууганы кызык...

Мештин алды ысык,
Бирок таргыл мышык,
Жата берет уктап,
Үшүкчөл го, кызык...

Мыёлогон мышык,
Мына ушундай кызык...

## БАКЧАБЫЗДЫ СҮЙӨБҮЗ

Бакчабызда көңүлдүү —
Ырдап, бийлеп тынбайбыз.
Сүрөт дагы тартабыз,
Кызык жомок тыңдайбыз.

Көп өтпөстөн окшоду
Көлдө сүзгөн кемеге,
Ал кубулду аздан соң,
Ак элечек энеге.

Окшоп кетти заматта
Жүк жүктөгөн төөгө,
Жолуктурду аңгыча
Жомоктогу дөөгө.

Көз айырбай кыйлага
Карап турдум булутту,
Капысынан ал анан
Жамгыр жашын куюлтту.

## ЧЫМЧЫКТАРДЫН КОНЦЕРТИ

Чыр-чырк этип чымчыктар,
Сүйлөшөөрүн билгиниң.
Алар да өз тилинде
Түшүнүшөт бир-бирин.

Бири белги бергенде,
Дароо учуп келишет.
Чоң даракты пааналап,
Чогуу концерт беришет.

Чымчыктардын ырына,
Дайым көңүл бурамын.
Топ бала ырдап жаткандай,
Токтоп угуп турамын.

Бараткanda бакчага,
Же келатсам үйүмө,
Укмуш сонун концертти
Угам жыргап сүйүнө.

## МЕН КҮЛКҮЧҮ БУЛАКМЫН

Мөлтүр кашка булакмын,
Мөңкүп тоодон кулапмын.
Салам айтып баарына
Сапар жолум улапмын.

Жылаажын үн булакмын,
Жылга менен чурапмын.
Керемет кооз гүлдөрдүн
Келет баарын кубанткым.

Мен күлкүчү булакмын,
Дайым шатмын, куунакмын.
Тамылжытып гүл өңүн,
Тазалыкка ынакмын.

Жай-кыш тынбай агамын,
Жагымдуу обон саламын.
Кумга сиңбей,
деңизге
Куйсам деген талабым.

## САРЫ ГҮЛ

Өсөт гүлдөр тоолордо,
Өрөөндөрдө... жондордо.
Жер тандабай сары гүл,
Жакын өсөт жолдорго.

Окшоп айдап койгонго,
Жайнайт жазда оң, солдо.
Курсант кылат балдарды,
Кулпурушуп колдордо.

Бал аарылар конгондо,
Бар ширеси соргонго.
Барпайып башы бир сонун,
«Парашют» деп ойноорго.

Ушул сүйкүм сары гүл,
Жөн гүл эмес, дары гүл!
Калк жактырып байыртан,
«Каакым» атайт, аны бил!

## ЖАШ БАГБАН

Жазда тиккен жаш көчөт
Жакшы бакса, жакшы өсөт.
Тамырлары ным тилээр,
Маалы менен суу жибер.

Көңүл буруп дайыма,
Курт түшүрбөй дарыла.
Күн нуруна эркелеп,
Ылдам өсөт энтелеп.

Мөмөсү арбын түйүлөт,
Бутак-шагы ийилет.
Мөмө-жемиш көп болот,
Көргөн кезде көз тоёт.

## ООРУГАНЫ БАСЫЛДЫ

Колу менен быйтыйган
Басса Күлсүн башымды,
Ошол замат негедир
Ооруганы басылды...

## БЕКЕР ЖҮРҮП...

Бекер жүрүп күн кечке,
Катуу уктап калыпмын.
Чоң күзгүдөн көрүнсөм,
Көзүм шишип, «карыпмын»...

## ӨПӨҢ-ЧЫЧАҢ ОЙНОДУК

Көпкө турбай ойлонуп,
Өпөң-чычаң ойнодук.
Күлсүн — көккө,
Асел — төмөн.
Күлсүн — төмөн,
Асел — көккө.
Өпөң-чычаң,
Өпөң-чычаң.
Кана, ким күчтүү?
Кана, ким ыкчам?
Өпөң-чычаң,
Өпөң-чычаң.
Ошентип экөө
Ойношту көпкө...
Каткырып анан
Жатышты чөптө...

Күмүш нур чачып,
Күн күлөт көктө.

## БАЛАНЫН БААРЫ КАТКЫРДЫ

Калмурат тоого барганы,
Каткыртчу болду балдарды.
Койлорду айтса «мөөрөйт» деп,
Уйларды айтты «маарады».

Укмушту баштап ал дагы,
Музоону «кош» деп айдады.
«Тиштейт» деп коркуп козудан,
Жанына жакын барбады.

Мингенде атка, ал, жаңы,
Күлбөгөн бала калбады.
«Узун экен чачы» деп,
Жалынан бекем кармады.

Араңдан зорго бастырды,
Азыраак барып, ат турду.
«Рулу» десе тизгинди,
Баланын баары каткырды.

## К Ү Ч Ү Г Ү М

Башка балдарга үрөт,
Мага эркелеп, «күлөт».
Жаш кезинен алып баккан
Ээси экенимди билет.

Музоо, улакты кубалап,
Тамашасы уланат.
Анын ошол оюнун
Атам көрүп, кубанат.

Айтканымды аткарат —
Жумшаган жакка бат барат.
Кош кулагын тикчийтип,
Короону турат сак карап.

## АК ТАЙЛАК

Оюн салат тайраңдап,
Ашкан эрке ак тайлак.
Ак атан анын энеси:
— Абайла, — дейт, — жол тайгак.

Ойдо, тоодо кар калың,
Ойноп алыс барбагын!

Желип-жорткон бөрүнүн
Жеми болуп калбагын.

Айтты атасы Буура да:
—Сен Каймалды тууpaба!
Буйтка жерден жыгылып,
Бутуң сынып кууpaба.

Эсирген Тайлак кулагы,
Эскерткен сөздү угабы...
Ал авалатып иттерди,
Аркы-терки чурады.

Айтканды укпай кулагы,
Оюндан канбай кумары,
Оромпой тээп баратып,
Оңколоп аңга кулады.

## МЕН ЭМНЕГЕ КАПАМЫН

Мен бакамын, бакамын,
Башынан жок чатагым.
Жалпак башым жанчат деп,
Тентектерден качамын.

Тосток көздүү бакамын,
Сазда чардап жатамын.
Дароо жутуп коёт деп,
Жыландан да качамын.

Мен бакамын, бакамын,
Мен эмнеге капамын? —
Суудан качкан балдар бар,
Өзүм дайым тазамын!





# КИТЕП МЕНЕН ДОСТОШТУМ

## ОКУУРУМА АЗ КАЛДЫ

Оюнчук менен коштоштум,
Китеп менен достоштум.
Кызыгына батамын
Түркүн-түркүн жомоктун.

Сүйөм сүрөт тартканды,
Үйрөнүп жүрөм жазганды.
Жетиге толом күзүндө,
Окуурума аз калды.

## ҮЙРӨНҮПТҮР

Байкап турсам Актанды,
Мизилдетти тактайды.
Анан сүрттү тазалап,
Айнектеги тактарды.

Чака толо таштанды,
Төкчү жерге алпарды.
Анын баарын өзү эле
Айттырбастан аткарды.

Ал чынында азамат,
Бекер туруу ага жат.
Үйрөнүптүр, көнүптүр,
Үйүн күндө тазалап.

## АПА

Апа бизди төрөгөн,
Ал — күн!
Тийген төбөдөн.
Ашкан камкор,
Боорукер,
Мээримине бөлөгөн.

Апабызды сүйөбүз!
Ал — теңдешсиз,
Билебиз.
Кайгы-муңсуз эркелеп,
Каткырабыз,
Күлөбүз!

Айтат дайым акылын,
Ай, Күнгө
Кол серметип.
Актайбыз биз ак сүтүн,
Күчкө толсок,
Эр жетип!

## ЧОҢ ЭНЕ ЖАНА НЕБЕРЕ

Балдар тээп жылгаяк
Тайгак болгон жол эле,
Бара жатып жыгылды
Байкоосуздан чоң эне.

Ыргып кетти капкайда
Колундагы таягы.
«Ка-ап!» деп көргөн адамдар
Кары энени аяды.

Ээрчип жүргөн небере,
Жашы туура сегизде.
Жанында турду каткырып,
Жарабай жардам беришке.

Обочодо чана тээп,
Ойноп жүргөн Самат да.
Туралбай жаткан энеге
Учуп жетти заматта.

Жөлөп-таяп тургузуп,
Алып берди таягын.
Батасын берди чоң эне:
— Бактылуу бол, карагым!

# «АЗЫР» ДЕБЕЙ, «АНАН» ДЕЙТ

«Оку!» десе,
«Анан» дейт.
«Ойно» десе,
«Барам» дейт.
Башын чайкап апасы,
«Ананың көп,
Балам!» дейт.

«Үй жуу» десе,
«Анан» дейт.
«Суу куй» десе,
«Анан» дейт.
Анда Асел эжеси:
«Азыр жаса,
Аман!» дейт.

Качан
Кайда жумшаса,
«Азыр» дебей,
«Анан» дейт.
Башын чайкап атасы:
«Анан деген
Жаман» дейт.

«Азыр» дебей,
«Анан» деп,
Айта берет
Аман көп...

## СҮТ

Уйду сааса сүт берет,
Сүт адамга күч берет.
Апаң берсе бышырып,
«Аный» дебей ич, бөбөк!

Үйлөп ичкин көбүгүн,
Шайдоот тартат көңүлүң.
Ууз сүттү көп ичсең,
Узак болот өмүрүң.

Айран, каймак, май болот,
Тасмал үстү бай болот.
Эжигей, быштак жасалып,
Эл көңүлү жай болот.

Көрсөң турба чочулап,
Көп тамакка кошулат.
Оюн салып жүрбөйбү,
Ошону эмген козу-улак...


# ЭС ТОКТОТООР УБАГЫҢ

Оюнкараак улагым,
Ойдологон чунагым.
Ууру, бөрү бар десе,
Угуп койбойт кулагың.

Келатса да кеч кирип,
Таштан-ташка секирип,
Тукул болуп баратат
Туяктарың жешилип.


Кенен короо тар сага,
Кечке ойнойсуң жарчада.
«Эми качан келет» деп,
Эчки энең сар-санаа.

Оюнкарак улагым,
Ойдологон чунагым.
Энеңди кечке мааратпай,
Эс токтотоор убагың.



## ЧАЙ ИЧҮҮ

Шарактап,
Самоор кайнады.
Токоч,
        бал,
                курут,
                        каймагы —
Дасторкон үстү жайнады.
Буркурап жыты жагымдуу
Алдыга келди чай дагы.
Үйбүлө чогуу олтурду,
Баарынын жүзү жайдары.
Анан дагы кызыгы —
Отурду чогуу чокчоюп,
Ал үйдүн таргыл мышыгы.



# ДЕМ АЛЫШТА

Көп бала чогуу ойнодук,
Көлдүн суусун бойлодук.
Кубалашып, күрөшүп,
Кум үстүндө сойлодук.

Шаар куруп ашыгып,
Шагыл, кум, таш ташыдык.
Какыр чөлгө суу барчу
Канал дагы казылып.

Лом, күрөктү колго алып,
Асфальттадык жол салып.
Ашыр болду ашпозчу,
Таш очокко от жагып.

Анан карап турбадык,
Ууга түштүк шыр барып.
Куюлуп бермет тамчылар,
Кумда жаттык курганып.

«Манас» айтып, ыр ырдап,
Кечке ойнодук чурулдап.
Кечте айылга келаттык
Ач курсактар курулдап.

## ТЕЛЕФОН

Шыңгыр... шыңгыр... телефон,
Бүтүрөт ишти ал толгон.
Алыс эмес ал үчүн —
Токио, Париж, Лондон.

Ашымжан чалса Ташкенге,
Алымбек чалат Баткенге.
Баймурат чалат Бишкекке,
Байкеси анын аскерде.

Расул чалат Нарынга,
Себеби бар анын да.
Чоң ата, чоң энеси
Жашайт жай-кыш айылда.

Жашашса да бир үйдө,
Сүйлөшөт балдар күнүгө:
— Бүгүн кайсы мультфильм,
Мүмкүн бекен билүүгө?

Аскарга чалат Баялы:
— Ташбакаң барбы баягы?
Аздан соң чалат Бактыбек:
— Мектепке бирге баралы?

А кыздар чалат Аселге:
Барсаң жүрү бассейнге?!
Алгебрадан тапшырма,
Айтып койчу, кайсы эле?

Эринип басып барганга,
Эркинбек чалат балдарга.
— Кантесиң — дейт, — чоң эне,
Мендей болуп карганда?..

Шыңгыр... шыңгыр... телефон,
Балдар бар чалып ойногон.
Ылайык көрсө бөбөктөр,
Ыгы менен чалган оң...

## ЫРЫСБЕК

Таңдан туруп Ырысбек,
Келет тоодон жылкы айдап.
Кубандырат атасын,
Кулундарды бат байлап.

Турнабайын имерип,
Түгөл карайт ой-жонду.
Айдап келет калтырбай,
Бөлүнүп калган койлорду.

## КЫШ

Теребел аппак кийинди,
Жаш чырпык кардан ийилди.
«Карк-карк!» деп тынбай
каркылдап,
Каргалар кышка сүйүндү.

Сары атын минип күз өттү.
Капыстан кол-бет тыз этти.
Тыз эткени — балдарды
Сагынып калган кыш өптү!

* * *

Ой-тоого берип сары түс,
Кечээ эле турган алтын күз.

Ак менен боёп бүт жерди
А бүгүн сулуу кыш келди.

Кар салышып моюнга,
Канышты балдар оюнга...



## (АҢЫ ЖЫЛ

(ылдызданган кары бар,
(ылдын башы январь.
|узыкалуу мөл булак,
|уздан чапан жамынар.

үмүштөй чач, сакалы,
үтөлү Аяз атаны.
ийлеп, ырдап шаңданып,
ирге көңүл ачалы.

ымкар кызы жанында,
ызыгы көп анын да.
елек толо баштыгы,
ергичекти таарынба.

алатыны карачы,
үрдүү оюнчук арасы.
оён экен Эмилбек,
Корозмун!» дейт Калачы.

оо гүлүндөй жайдагы,
алдар куунак, жайдары.
(акшы тура аябай —
(аңы жылдын майрамы!


## КӨПҮРӨ

Эне тилиң — өз тилиң,
Эркин сүйлөп өскүнүң.
Тажабастан тере бил,
Татынакай сөз гүлүн.

Эгер болсо дээриңде,
«Жарды тил» деп жерибе.
Жетик билбей тилиңди,
Жек көрүнбө элиңе.

Окуйм десең «Манасты»,
Ойго ал ушул талапты.
Чыңгыз абаң бул тилде
Чыгармаларын жаратты.

Күмөндүк болсо сөзүңдө,
Күнөөнүн баары өзүңдө.
Байкасаң ушул эне тил —
Башка тилге көпүрө!



# ЖАКШЫ КИТЕП

Жакшы китеп окусаң,
Көп нерсени билесиң.
Кейипкер менен бир кейип,
Күлсө — кошо күлөсүң.

Канат бүтүп, көктө учуп,
Көк деңизде сүзөсүң.
Желмогузду кубалап,
Жер алдына түшөсүң.

Атын мурда укпаган
Ал алпарат аралга,
Түрү суук аябай
Түрдүү жандык бар анда.
Аалам сырын ал китеп,
Ачып берет адамга.

Жакшы китеп сырдашың,
Жакын досуң, кыйбасың.
Ой-сезимди байытып,
Билип алдым мен мурда
Билбегендин кыйласын.

## ТҮН КАТКАН БАЛА

Алоолоп тоого күн батты.
Мал издеп жүрүп кеч калган
Уйчуман бала түн катты.

Тоо койну бачым карарды.
«Мал го» деп болду убара
Ал карап ар бир карааңды.

Коркунуч бийлеп денесин,
Көргөндөй болот ал бирде
Карышкыр, чөөнүн элесин.

Тоо суусу тынбай шаркырап,
Баланы «коркпо!» дегенсийт
Жылдыздар көктө жаркырап.

Тердетип минген кара атты,
Теребелден көз албай
Теминип бала баратты.

Эстеген кезде апасын,
Карааны көзгө тартылды
Кармаган колго чакасын.

Үн салып үкү, бабырган,
Көргөндөй болду аңгыча
Уйларды аркы адырдан.

Камчы уруп минген кара атка,
Жетип барды ал бачым
Жайылган уйлар тарапка.

Уйларды дароо тааныды,
Көтөрбөйт жерден баштарын
Салкын түн оттоор маалыбы...

Түн сонун июль айында.
Кудуңдап бала баратты
Уйларды айдап айылга.

Тоо жели тынбай шоктонот,
Асманга изин калтырып,
Кээ жылдыз учуп жок болот.


Табият сырдуу түнкүсүн...
Мөңгүдөн сапар улаган
Мөл булак баспайт күлкүсүн.

Бадалдан элик бакырып,
«Абайла, алыс кетпе» деп,
Чаарчыгын жатат чакырып.

## АЙБАНАТТАР ПАРКЫНДА

Эчен түрдүү айбанат —
Айбанаттар паркында.
Алгач көргөн таң калат,
Айтор, баары бар мында.

Сурары анык кээ бирөө:
— Булар колго көнөбү?
Анда эмесе, келгиле,
Чогуу-чараан көрөлү!




## АРСТАН

Кыска, коюу жалы бар,
Айбаты бар, жаалы бар.
Андан коркот бүт баары —
Ашкан жырткыч жаныбар.

Алат жоосун беттеген,
Азыктанат эт менен.
Амалдуу да адамдар —
Аны үйрөтөт эп менен!

## ЮУ

үрөң аюу, ак аюу,
ана да бар карасы.
лма ыргытсак, ал аны
алмап койду, карачы.




үйөт, демек аюулар,
өмө-жемиш дегенди.
акшы көргөн жаныбар
өп тамырын жегенди.

## ЕГЕМОТ

егемоттор таралган
фрика жеринде.
обу менен жүрүшөт
окойлуу суу жээгинде.

ашы чоң, көзү кичине,
акыр келет териси.
алмагы төрт тонна,
аныбар сүт эмүүчү.



## БУГУ



Анда көңүл бургула,
Айры мүйүз бугуга.
Бу жаныбар жаралган
Түндүктүн ызгаар суугуна.

Уй сыяктуу сүт берет,
Ат сыяктуу күч берет.
Чанага дагы чегилип,
Көп-көп жумуш бүткөрөт.


## БҮРКҮТ



Тоо бүркүтү олтурат
Тор капаста камалып.
Эркиндикти эңсейт го,
Эки жагын каранып.

Жер жүзүндө жолугат,
Бүркүттүн көп түркүмү.
Мүнүшкөр таптап алдырат —
Карышкыр, теке, түлкүнү.

## ЗЕБРА



Сыртында агы, карасы,
Кооз ат экен карачы!
Жүгүрөт булар өтө ылдам
Бар сыяктуу канаты.

Куйрук, көкүл, жалы бар,
Абдан чалпоо жаныбар.
Ала-була бул жылкы
Алыстан эле таанылаар.


## ЗЕБУ

«Зебу» — деген ушул деп,
Баарыбызга көрсөттү.
Карап турдук таңданып,
Уйга сыңар өркөчтүү.

Сыңар өркөч ушул уй,
Көп элдерде жолугат.
Арбын берет сүттү, этти,
Биздеги уйдан чоңураак.

## ЖИРАФ

Кыргызча аты — Акыра,
Эске түйүп алгыла!
Моюну узун, иче албайт,
Суу койсоңор алдына.



Биздеги уй, кой сыяктуу
Бул дагы ача туяктуу.
Африка жеринен
Алган Жираф туракты.


## ЖОРУ

Жору! — дейт муну, карагын,
Пайдалуу жагы бар анын.
Таштанды, тарпты бүт жеген
Санитары талаанын.



Балта жутаар таз жору,
Кара жору, көк жору.
Бүркүтпү? — деп жаңылбай,
Айрый билсең болгону.


## ЖЫЛАН



Карап турсам жылан(д
Куду күмүш аркандай
Терисинен жасалат
Керек буюм ар канда(

Денесине оролуп,
Ал адамга көнгөнүн,
Эчен курдай мен өзү(м)
Кинолордон көргөмүн.


## ИЛБИРС



Абайла, анча кызыкпа,
Окшоштуруп мышыкка.
Аңдоостон жетет секирип,
Ал ошондой жырткыч да.

Арасында асканын,
Коңулунда таштардын
Жашайт,
тоолор мекени,
Көбөйсүн, көрсөң атпагын!

## КАРЫШКЫР



Тикчийип кош кулагы,
Өтө жырткыч бу дагы.
Жаңылбастан «ит» го деп,
Жакшылап көңүл буралы!

Көгүш түстүү жүнү бар,
Көп жырткычтан күлүк ал.
Кароосуз малды бүт кырган —
Карышкыр ушул, билип ал!

## КАЧЫР




Ат же эшек деп жаңылба,
Бул — алардын аргыны.
Арбын тура дүйнөдө
Айбанаттын ар кылы.

Бээге окшошот өң-түсү,
Куйрук менен жалы бар.
Кырк жыл жашайт качырлар,
Чыдамкай, чымыр жаныбар.

## :РИК

уну кыргыз Керик дейт,
ıздин жерде кезикпейт.
/рдүү өсүмдүк бутагын
ана бүрүн терип жейт.



үрөт булар экиден,
{асалат тамак этинен.
эйпи күлкү келерлик —
ыгарбассың эсиңен?!

## ИРПИ


он кийген жалаң ийнеден,
‹ырткычтар ага тийбеген.
озомук, күрөң өңү бар,
ааныП алсын билбеген.



алаа, токой жана да
‹ашайт өзөн боюнда.
урт-кумурска жегени,
нутпай сакта оюңда.
абылса кармап сен аны
атып кетпе коюнга.

## МАЙМЫЛ

Капаста маймыл олтурат
Качапастан сенден чочулап.
Жакын барсаң жалооруп,
Жаңгак сурап кол сунат.



Орангутан, шимпанзе...
Санаса түрү бир нече.
Так ушундан адамдар
Тараган имиш бир кезде.

## ПИЛ


Африка, Индия —
Пил аттуунун мекени.
Белгисиз чыгар салмагы
Беш тоннага жетери.



Таң каласың пилдердин
Талыкпаган күчүнө.
Колго үйрөнүп ал бачым,
Кызмат кылат кишиге.

## ɔпоз

ɔготпос ак кар, бороонду,
ɔпоздой мал болорбу.
ɔүрөт бийик тоолордо
ɔалабай жылуу короонду.



ɔлпты айтат дебе кайдагы,
ɔтүнүн калың каймагы.
ɔги ширин, жагымдуу,
ɔ көрөт андан пайданы.


## ɔөө



ɔөнү сен көрүп жүрөсүң,
ɔрткансың далай сүрөтүн.
ɔтосу оюн салганда,
ɔоруңду тырмап күлөсүң.

ɔүк жүктөйт ага көчкөндө,
ɔүрүшөт чөлдө, көп жерде.
ɔырк күнү чыдайт суу ичпей,
ɔинесиң төөгө чөккөндө.

## ТҮЛКҮ



Билсеңер керек түлкүнү,
Анын бар бир топ түркүмү.
Жолугат алар дайыма
Жомоктордо күлкүлүү.

Чуштуюп ичке тумшугу,
Чубалжып узун куйругу.
Коён, чычкан, кушту жейт,
Жалпыга маалым куулугу.

## ТЫЙЫН ЧЫЧКАН



Бак-даракка кыйын чыккан,
Балдарга дос тыйын чычкан.
Үй жасадык атайылап,
Үшүбөсүн быйыл кышта.

Кээ бирде чыкпай коңулдан,
Кезигет кээде жолуңдан.
Таш менен урбай достошсоң,
Тамак жейт коркпой колуңдан.

Ал тентекти эликтейт,
Чуркап, ойноп эрикпейт.

ак-даракка зыяндуу
умурска-куртту терип жейт.

## АБЫШМАКТАР

* * *

арды салык кара бээ,
аспайт, барбайт желеге.
Кайды-жайлай саадырат
Катып алып серегe.

(Саба)

* * *

ыл калеми жок туруп,
ызык сүрөт жаратат.
нын тарткан токою
уктандырып кара тат.

(Аяз)

* * *

аажысын кийип башына,
ар салат таңды ашыга.

(Короз)

* * *

Карасы, бозу, агы бар,
Көп пайдалуу жагы бар.
Тон да болот жамынар.
От да болот жагылар.
Айтчы, ал кайсы жаныбар?
(Кой)

* * *

Аты да бар, пили бар,
Фигуранын түрү бар.
Айла-амалга үйрөтөт —
Ал кайсы оюн, билип ал?
(Шахмат)

* * *

Бетиң кирби, тазабы,
Көрүш үчүн карайсың.
Чагылдырат дапдаана,
Чачыңды да тарайсың.
Ал буюмду сыйкырдуу,
Тапкыр бала шар айтсын.
(Күзгү)

* * *

уюм өзү кичине,
ирде ачып, бирде бекитип,
ызмат кылат кишиге.


(Ачкыч)

* * *

'оо, талаада өтө көп —
ıга ашык — аары, көпөлөк.
ıраласаң буруксуп,
өркү көңүл көтөрөт.
ıесте-десте тересиң,
ıелек кылып бересиң.

(Гүл)

* * *




асып жүрөм аралай.
атуу суукка карабай,
ансыз жашыл ийнени
Кэамынып алган ...

(Карагай)

* * *

Түбүн жалын аймаган,
Түрдүү аш анда кайнаган.
Атын тапчы, Асан?
Анын аты — ...

(Казан)





# КОТОРМОЛОР

**ИГОРЬ МАЗНИН**
***(Россия)***

## ЖӨНӨКӨЙ СӨЗ

Жакшы сөздөр
Аз эмес
Болгон менен,
Жөпжөнөкөй
Бир сөз бар
«Эне» деген.
Угулушу кулакка
Жакын,
Жылуу.
Ушул сөз —
Бүт баарынан
Сүйкүмдүү,
Улуу!

## КОРАБЛЬ УЧУП ЖҮРӨТ

Жерди айланып сансыз ирет,
Космонавт байке учуп жүрөт.

п кичине терезеден
аарын даана
өрөт экен:
ейкин талааны,
еңизди толкун түргөн.
балким, көргөн чыгаар
ени, мени — ойноп жүргөн!

## ҮН ЖАНА ДАН

ктап жаткан данды
үн кулактан чойду,
ыртка чыга калды
<азып дароо бойду.

ил бүтүп анан
Iыбырап кирди,
өздөрүн айткан
ир шамал билди.

## ЭРЧИТИП БАРСА ТОКОЙГО

ңсегеним ошол го,
эрчитип барса токойго,

Карагайга чыгат элем,
Калкаламак бутак менен.

Олтуруп алып жайланып,
Күкүккө мен айланып,

Келгендерге
Көңүл ачып,
— Күкүк! Күкүк! — демекмин,
Жарпын жазып!..

## КИТТЕР НЕГЕ СҮЙЛӨБӨЙТ?

Силерге айтып берейин,
Уй аттуулар «МӨ!» дээрин,
Койлор «МА!» деп маарашат,
Эчкиге «МЕ!» жарашат.
Киттер неге сүйлөбөйт,
«МА!», «МЕ!» дебей тим жүрөт,
Мунун сырын ким билет?

Киттер ооздоруна
Суу толтуруп алышкан,
Сүйлөбөйт алар андыктан!

## ЕН ЭМНЕНИ БИЛЕМИН?

илем
илдин салмагын,
енден сура
л жагын:
ндия пили
Кыйырма тонна келет.
фриканыкы —
Он тонна, демек,
алп сезилсе —
йткан сөзүм,
армап алып,
артып көр өзүң!..

## ЫШЫК




Ышык
екирип
тулга чыгып,
ир керилип
лды.
нан
ктап калды.
л аябай
арчаган белем —

Кечке ойноп
Куйругу менен!

## КОҢУЗ

Жагып
Алып чырагын,
Олтурду
Коңуз дүмүрдө,
Келсе деп
Тилеп ылайым
Аарыларды,
Тампысты —
Аңгеме
Куруп кичине,
Чөп чайынан ичүүгө!



## УЙКУ КЕЛЕТ КАЙДАН?

— Билесиңби,
Уйку келет кайдан?
— Келет да ал Айдан.

Ай нурлары аркылуу
Биз жатуучу керебет
Кайда экенин таап алат —
Бул өзүнчө керемет.

Таткыңар келеби,
Анын даамын?
Анда
Тез уктагыла баарың!

**Богдан Чалый**
***(Украина)***

## БУЛБУЛДАР ЖӨНҮНДӨ БАЛЛАДА

Көздөгөнү — Босфор тарап,
Көк деңизде кеме барат.
Буурakандап толкуп-ташып,
Кара булут калды басып.



Кара Деңиз кирген буура,
Атын койгон абдан туура.
Күндүн көзү бир көрүнбөй,
Айлана азыр көмүрдөй.

Март айында эрийт муз, кар,
А деңизде согот ызгаар.
Кара шамал улуп турат,
Карды бетке уруп турат.

Башталып жаздын күндөрү:
Каркыра, турна үндөрү
Угулат асман тараптан,
Тизилип сапка бараткан.

Үндөрүндө чочулоо бар:
Орто жолдон кайтабы алар,
Күтүп жатса тууган жери —
Тоо, суулары, токой-чери.

Капитан аяп куштарды,
Кайгырып өңү сустайды:
— Деңизде толкун бу тапта,
Жете алар бекен кургакка?

Толкун күр-шар, тоону бузат,
Көргөн жандын үрөйү учат.
Үйүрдү баштап бараткан,
Үн салды асман тараптан:

— Жиберебиз ысык салам!
Бизден коркпо, тынсын санааң.
Суукка тоңуп, жуунуп терге,
Жетебиз биз тууган жерге!

Коркпойбуз бороон-чапкындан,
Туулган жерге жан курман!

ашылабыз сүйкүм жайга,
армаксыңар силер кайда?

- Жеткирүүчү жүгүбүз бар,
үтөт бизди француздар.
эп турбайбыз анда да,
нткени, күтөт Ангола.

үч алып толкун күркүрөп,
емеге келип бир тийет.
еңиз үстүн кылып калбыр,
ар аралаш төктү жамгыр.

уйрук берди капитан:
– Жүрүш керек бат, ылдам!
йдөй толкун күчүн демеп,
емени улам жаба берет.

олкунга кемең тыйын да,
ашкаруу турду кыйынга.
– Жүрүш керек бат, ылдам!
Коммунар» дагы тайгылган.

еш саат кеме күрөштү,
олкундан баары жүдөштү.
ынчыды деңиз мемиреп,
артылдап морзе терилет.

Аңгыча буруп көңүлду,
Агарган неме көрүнду.
Учуп жүргөн ал элес —
Мөндүр да эмес, кар эмес...

Учуп келет закымдап,
Уламдан-улам жакындап.
Коркуп койбойт дегеле,
Конушса экен кемеге.

Биле алышпай аныгын,
Башы катты баарынын.
Бул эмне, дагы ак карбы?
Капитан карайт асманды...

Керемет анык ушулар —
Тумшугу бар, буту бар.
Жылтырайт шуру-көздөрү,
Келишти кайдан өздөрү?

Колго келип конуп чымчык,
Дароо гана калды тынчып.
Ой-ээй, булбул турбайбы!
Ким көрүптүр мындайды!

Кайрып шамал канатын,
Угузбай коёт авазын...

Куштардын мукам үндөрү —
Кулпунтат токой, гүлдөрдү!

Калыптыр булар добулда,
Каталы жылуу коюнга!
Багалы жайлуу коңулда!
Булбулдар бөөдө өлбөсүн —
Сайрашсын мактап жергесин!

Ашпоз сүйлөйт колун кезеп:
— Булар деги эмне жешет.
Палоо — чымын ордуна?..
Таптым-таптым, ой, мына, —

Өзгөчө жолун табабыз,
Өлтүрбөй баарын багабыз.
Азыртадан көрүп камын,
Ойлонолу тамак жагын...

Көрүүгө ар ким куштарбы,
Жүрүшөт аяп куштарды.
Түшүнгөндөй адамдарды,
Коркуп койбойт алар дагы.

Чабыра, чөмүч даярдап,
Салышты бирден аярдап.

Эмне кылса дароо көнүп,
Булбулдар да калды бөгүп.

Кайыккан куштар бороондо,
Жыргашты жылуу салондо.
Ашпозчу ишин жаратты:
— Жей башташты салатты!

Айыгып сен да жарааттан,
Учурасың балапан!
Оорутат го оозун керип,
Жебей жатат нанды жерип!

— Кой, компотту койгула,
Суу бер анын ордуна!
Аңгыча буруп көңүлдү,
Түркия жээги көрүндү.

Өткөрбөйт кушту чет элге —
Ыр керек Ата Мекенге!
Туулган жерди күүгө безеп,
Булбул үнү жүрөктү эзет.

Жакын калды жердин чеги,
Булбулдарды канттик эми?
Туулган жер калды алыста,
Кыйын да учуп барышка.

Капитан: — Айтам болгонду,
Радист, чакыр борборду.
Чымчыктарды сакташ керек —
Москва бизге кеңеш берет!

Адмиралдын чыкты үнү:
— Ызгаар кыштын бүттү күнү!
Өлбөсүн куштар кенедей,
Бергиле орун кемеден...

Айтты минтип аздан соң:
— Батумиге кайткан оң.
Жөнөш керек тезирээк,
Ал жакта жылуу мемиреп.

Болбосо эгер булбул куш,
Көркүнө чыкпайт бул турмуш!
Калыбында какыйган, —
— Жарайт! — деди капитан.

Капталын толкун шарп ура,
Кайтканда кеме артына,
Таң калышты Босфор эли,
— Бул орустар кызык деги!

Парустарын желге кере,
Батумиге келди кеме.

Көз көрдү көркөм учурун.
Капитан айтты: — Уч, баарың!
Толтуруп ырга жер шарын,
Көбөйө берсин тукумуң!

Көркүн мактап тууган жердин,
Даңазалап жашоону эркин,
Кубулжута сайрагыла!
Уялап койнун Мекендин,
Билгиле чексиз экенин —
Көз жетпейт кең аймагына!

**Маквала Мревлишвили**
***(Грузия)***

## МАМАЛАКТЫН ЖОРУГУ

Тартып жатат зымды кайда,
Аюуга андан эмне пайда?
Лампочка койду барып,
Көңдөй ичи болду жарык.

Жарганаттар көрдү аюуну,
Эч ойлошпойт жашынууну!

## АТ

Чү, жаныбар тулпарым!
Көзгө илээшпей чуркагын.
Пилди ээрге өңөрсөм,
Көтөрө алар белең сен?

## КОҢШУЛАР

Каркыра конду дүмүргө —
Кат жазыш үчүн үйүнө,
Чиркей андан шашылат:
— Жылып койчу азыраак,
Учуп келдим атайын,
Жээниме кат жазайын!

## ФУТБОЛ



Кара өрүктү топ кылып,
Тебишти эле асманга,
Көп узабай былч этип,
Түштү келип чалканга.

Аны көздөй чаар үч күрп,
Келатышты жүгүрүп,

— Тийбегиле, ой-ой-ой,
Мен тебем, — дейт торопой.

**Георгий Церетели**
***(Грузия)***

## АЖАЙЫП ЖАЗ

Жашын тыйбай кар ыйлады,
Жазгы күндүн күчүн көр!
Алды менен алча гүлдөйт,
Түйүлүүдө бүчүрлөр.

Бак-дарактын гүлүн күбүп,
Шамал ойной баштады.
Жыйнайт бойго шербет шире
Ар бир мөмө шактагы.
Чымчык буга чын айран-таң:
— Баары ажайып, жапжаңы!

## МАЙРАМДАР

Жаңы жылда ырдайбыз,
Жагалданып, мактанып.
Март, май жана октябрда —
Биз жүрөбүз шаттанып!
Жылдын ар бир айында,
Бизде майрам дайыма.

## КОЛ

Бетибизди таза жууп,
Бекер карап турбайбыз.
Жардам берет кол дайым,
Жетине албай ырдайбыз.

Кичинекей бул колдор
Ажырабайт апамдан!
Жатса жатат өтө кеч,
Турса туруп азандан.


Бой жеткенде Мекенге
Биз да салым кошобуз.
Мекен менен бирге ырдап,
Үндү бийик созобуз!

## ЖАҢГАКТАР

Бакан менен бутакты уруп,
Жаңгактар түштү дабырап.
Тиет кокус башыңа,
Абайла,
Тур нарыраак!

Турак жүрсө курт издеп,
Шибер чөптөн ашыга,
Капысынан
Тооктун
Жаңгак тийди башына.
Ким урганын билген жок,
Качып берди
Дароо тоок.

Не тийгенин башына
Көңүлгө алып койбоду,
«Мөндүр го!» — деп ойлоду.



**Музафар Алимбаев**
***(Казакстан)***

## КИТЕП

Жакшы китеп — анык дос, акыл, жолдош,
Андай эч ким, эч нерсе жакын болбос.
«Оку, оку жана оку!» — Ильич айткан,
Китеп менен достошсоң, куру койбос.

## АЛ ЖЫЛЫ МЕН БЕШТЕ ЭЛЕМ

Эсте турат баардыгы:
Беш жашта элем ал жылы.
Жездем тайга мингизди,
Кырга карай жүргүздү.

— Ал тизгинди тарт бери,
Үйдү көздөй чап! — деди.
Чаап баратып жыгылдым,
Жыгылган соң, чыңырдым.
Атам көрүп жашымды,
Айтты минтип ачуулу:

— Эркек аттан жыгылбайт,
Жыгылса да чыңырбайт.

Жарылса да башың бу,
Тур, көрсөтпө жашыңды!
Жыгылдым мен бир далай,
Бирок, көндүм ыйлабай.

## КӨК ЖЕЛЕ

Жамгыр жаап басылды,
Күн чайыттай ачылды.
Көктө кызыл-жашылдуу,
Күн желеси асылды.

Миң түрлөнүп кубулду,
Кереметтей туюлду.
Карап турдум тажабай,
Табияттын сыйын бу.

Чыксачы деп күнүгө,
Тиктей бердим үңүлө.
Алып келип койсомбу,
Бир үзүмүн үйүмө?
Аттиң, боюм кичине...
Аттиң, колум кичине...

Жетпейм созсом боюмду...
Жетпейм созсом колумду...

## КӨНҮП КАЛГАН АДАТ ДА...

Буруксуган жытычы ай!
Бир чыгайын кумардан.
Шаштым кетип жеткенче,
Ашып түштүм дубалдан.

Багбан кары Нүсүптүн,
Дал үстүнөн түшүпмүн.
Арылбапмын шорумдан,
Кармап алды колумдан.

— Дарбаза ачык, чак түштө,
Секиресиң дубалдан.
Кантип бардың бул ишке,
Мунуң кандай, Кубанжан?

— Көнүп калган адат да...
Кечириңиз, — дептирмин.
Сөз билбеген жаман да,
Күлкү болдум, эх! билдим...

## МАНШУК ЭЖЕ

Сыймыктанган мектеби,
«Бешке» толгон дептери.
Билимдин түшүп артынан
Алкыш алган калкынан.

Душман басып келгенде,
Шерик болгон эрлерге.
Журт намысын сактаган,
Эл ишенчин актаган.

Маншук эже баатыр кыз,
Ардактайбыз атын биз.
Баатыр Маншук эжеден
Үлгү алабыз баарыбыз.



**Генрих Севан**
***(Армения)***

## ТОЙБОГОН МӨНДӨЛӨЙЛӨР

Кары чычкан талаадан
Көтөрүп келди бир кап дан.
Бышырып кирди таруунну,
Мүргүсө да ал абдан.

Орундалып ойдогу —
Мөндөлөйлөр тойлоду.
Энесине тойбостор
Бир кашык берип койбоду.

## КУМУРСКАГА ЫЙЛОО УЯТ

Кумурска келет теңселип,
Бучкагынан тер кетип.
Оор данды көтөрүп,
Ошого чыдап көшөрүп.
Калтырайт ийри буттары,
Чегинбейт артка бир дагы:
— Кыйналсам да канчалык,
Таштабаймын жүгүмдү!


Коркуп койбойм калтаарып,
Чыгарбайм ыйлап үнүмдү!

## МАМАЛАКТАР

Ойноп жүрүп мамалак
Майрык бутун сындырды.
Чакырып ата, апалап,
Үнүн баспай чыңырды.

Эжелери, байкелери,
Токойдо эле бул маалда.
Жетип келди заматта,
Ачуу үндү укканда.

Туш-тараптан аюулар
Чогулду анын жанына.
Шымын чечип энеси,
Сынган бутун тентектин
Жалап-жуктайт жалына.



## БИЗДИН КААЛГА

Каалгасы биздин үйдүн,
Адептүү, элпек, көзгө сүйкүм.
Капысынан ачса — демек:
Карындашым ыйлап келет.
Катуу ачылса каалга эгер,
Атам үшүп келди дей бер.

Билинбестен кетип артка
Качырабай ачылса аста —
Аяр басып кирет апам,
Таркап кетет кайгы-капам!
Каалгасы биздин үйдүн,
Акылдуу, элпек, көзгө сүйкүм!

## КУУРЧАК МЕНЕН ЧОҢ ЭНЕ

Марика кетти мектепке,
Лео — бала бакчага.
Оюнчуктар бул кезде
Балдар жок такыр башкача.

Куурчак андан зеригет,
Ойногон жан жок аны алып.

Мышык да эчак короодо,
Олтурчу үйдө жаланып.

Чоң эне гана жапжалгыз
Калыптыр үйдө бул маалда.
Катты окуп, оңдойт саатты,
Илинип турган дубалда.

Жылынат отко кайрадан,
Олтуруп мештин жанына.
Кир жуубайт, үтүк үтүктөп,
Анткени эне кары да.

Жалгыздык кыйын адамга,
Оңойбу ишсиз а баса...
Сүйүнүп кетти ченебей,
Куурчак турат караса.

Караан тутту жанына,
Капасы тарап жанагы.
Жарагандай чоң ишке,
Күлүп турат а дагы.


Эне стулга чалкалай,
Эки көзүн жаштады...
Шүүдүрүмдөй тамчылар,
Мөлт деп кулай баштады.

Неберелер жок кезде,
Энеке, капа болбогун.
Андан көрө алаксып,
Куурчак менен ойногун.

## АЙТКЫЛА, УШУЛ ТУУРАБЫ?

Кана, балдар, уккула,
Көңүлгө бек туткула,
Ай, жыргалай-жыргалай!
Мен айтайын табышмак,
Бириң эмес баарың тап,
Ай, жыргалай-жыргалай!
Талааны ак кар каптады,
Ак тон кийди бак дагы,
Айткыла, ушул туурабы?
Мартта эриди ак кар, муз,
Келе жатат суук кыш.
Айткыла, ушул туурабы?
Суусактыгы үчүнбү,
Мышык көп жейт жүзүмдү.
Айткыла, ушул туурабы?
Түнкү катуу жамгырда,
Тооктор барат адырга.
Айткыла, ушул туурабы?

Ак куу сүзөт көлмөдө,
Уктайт бакта термеле.
Айткыла, ушул туурабы?
Тыттык жүндү тазалап,
Жибек жоолук жасалат.
Айткыла, ушул туурабы?
Кичине дейбиз үлүлдү,
Көтөрүп кетти бир үйдү.
Айткыла, ушул туурабы?
Барбос кызык болуптур,
Жумуртка тууп коюптур.
Айткыла, ушул туурабы?
Жолукканын кайсаган,
Жолборс менен кашабаң.
Айткыла, ушул туурабы?
Балдар туура табышты,
Бирден момпо алышты.
Ай, жыргалай-жыргалай,
Момпо жешип жыргады,
Бүттү ушинтип ыр дагы.
Ай, жыргалай-жыргалай,
Ай, жыргалай-жыргалай,



# МАЗМУНУ

Автор тууралуу ........ 3
**БАКЧАБЫЗДЫ СҮЙӨБҮЗ ........ 5**
ТОО КОЙНУНДА ЭМНЕ БАР? ........ 6
АЛАТООЛУК БАЛДАРБЫЗ ........ 6
АЗЫРЫНЧА КИЧИНЕМИН ........ 7
СУЛТАНДЫН СҮРӨТҮ ........ 8
БИЗДИН КҮЧҮК ........ 8
КӨРСӨ. . . ........ 8
КЫЗЫК ........ 9
БАКЧАБЫЗДЫ СҮЙӨБҮЗ ........ 9
БАКЫТТЫН ЖООБУ ........ 11
БУЛУТ ........ 11
ЧЫМЧЫКТАРДЫН КОНЦЕРТИ ........ 12
МЕН КҮЛКҮЧҮ БУЛАКМЫН ........ 13
САРЫ ГҮЛ ........ 14
ЖАШ БАГБАН ........ 15
ООРУГАНЫ БАСЫЛДЫ ........ 15
БЕКЕР ЖҮРҮП ........ 16
ӨПӨҢ-ЧЫЧАҢ ОЙНОДУК ........ 16
БАЛАНЫН БААРЫ КАТКЫРДЫ ........ 17
КҮЧҮГҮМ ........ 18
АК ТАЙЛАК ........ 18
МЕН ЭМНЕГЕ КАПАМЫН ........ 19
**КИТЕП МЕНЕН ДОСТОШТУМ ........ 21**
ОКУУРУМА АЗ КАЛДЫ ........ 22
ҮЙРӨНҮПТҮР ........ 22
АПА ........ 23
ЧОҢ ЭНЕ ЖАНА НЕБЕРЕ ........ 24
«АЗЫР» ДЕБЕЙ, «АНАН» ДЕЙТ ........ 25
СҮТ ........ 26
ЭС ТОКТОТООР УБАГЫҢ ........ 27
ЧАЙ ИЧҮҮ ........ 28
ДЕМ АЛЫШТА ........ 29
ТЕЛЕФОН ........ 30
ЫРЫСБЕК ........ 31
КОЗУ КАРЫНДАР ........ 32
КҮЗ ........ 33

ОЙГОНДУМ ........ 33
КЫШ ........ 34
ЖАҢЫ ЖЫЛ ........ 35
КӨПҮРӨ ........ 36
ЖАКШЫ КИТЕП ........ 37
ТҮН КАТКАН БАЛА ........ 38
**АЙБАНАТТАР ПАРКЫНДА ........ 41**
АЙБАНАТТАР ПАРКЫНДА ........ 42
АРСТАН ........ 42
АЮУ ........ 43
БЕГЕМОТ ........ 43
БУГУ ........ 44
БҮРКҮТ ........ 44
ЗЕБРА ........ 45
ЗЕБУ ........ 45
ЖИРАФ ........ 46
ЖОРУ ........ 46
ЖЫЛАН ........ 47
ИЛБИРС ........ 47
КАРЫШКЫР ........ 48
КАЧЫР ........ 48
КЕРИК ........ 49
КИРПИ ........ 49
МАЙМЫЛ ........ 50
ПИЛ ........ 50
ТОПОЗ ........ 51
ТӨӨ ........ 51
ТҮЛКҮ ........ 52
ТЫЙЫН ЧЫЧКАН ........ 52
ТАБЫШМАКТАР ........ 53
**КОТОРМОЛОР ........ 57**
Игорь Мазнин (Россия)
ЖӨНӨКӨЙ СӨЗ ........ 58
КОРАБЛЬ УЧУП ЖҮРӨТ ........ 58
КҮН ЖАНА ДАН ........ 59
ЭЭРЧИТИП БАРСА ТОКОЙГО ........ 59
КИТТЕР НЕГЕ СҮЙЛӨБӨЙТ? ........ 60
МЕН ЭМНЕНИ БИЛЕМИН? ........ 61
МЫШЫК ........ 61
КОҢУЗ ........ 62

УЙКУ КЕЛЕТ КАЙДАН? ........ 62
Богдан Чалый (Украина)
БУЛБУЛДАР ЖӨНҮНДӨ БАЛЛАДА ........ 63
Маквала Мревлишвили (Грузия)
МАМАЛАКТЫН ЖОРУГУ ........ 70
АТ ........ 71
КОҢШУЛАР ........ 71
ФУТБОЛ ........ 71
Георгий Церетели (Грузия)
АЖАЙЫП ЖАЗ ........ 72
МАЙРАМДАР ........ 73
КОЛ ........ 73
ЖАҢГАКТАР ........ 74
Музафар Алимбаев (Казакстан)
КИТЕП ........ 75
АЛ ЖЫЛЫ МЕН БЕШТЕ ЭЛЕМ ........ 75
КӨК ЖЕЛЕ ........ 76
КӨНҮП КАЛГАН АДАТ ДА... ........ 77
МАНШУК ЭЖЕ ........ 78
Генрих Севан (Армения)
ТОЙБОГОН МӨНДӨЛӨЙЛӨР ........ 79
КУМУРСКАГА ЫЙЛОО УЯТ ........ 79
МАМАЛАКТАР ........ 80
БИЗДИН КААЛГА ........ 81
КУУРЧАК МЕНЕН ЧОҢ ЭНЕ ........ 81
АЙТКЫЛА, УШУЛ ТУУРАБЫ? ........ 83

*Көркөм-адабий басылма*

**БАЙТЕМИР АСАНАЛИЕВ**

**АЙБАНАТТАР ПАРКЫНДА**

*Ырлар, табышмактар, котормолор*

**Бөбөктөр жана мектеп жашындагы кенже балдар үчүн**

Редактору *Ы. Кадыров*
Сүрөтчүсү *З. Мидинова*
Тех. редактору *Ж. Сооронкулова*
Корректору *Р. Мусаева*
Компьютердик калыпка салган *Б. Жаныказакова*

*Терүүгө 20.10.2003-ж.берилди. Басууга 15.01.2004-ж. кол коюлду. Форматы 60/84 $^1/_{16}$ түстүү ыкма менен басылды. 5,5 басма табак. Нускасы 500. Заказ № 41. Келишим баада.*

*«Бийиктик» басмасы,*
*Бишкек шаары, Киев көч., 77,*
*тел. 60-04-79, 60-08-19.*



Бийиктик